| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>ТӨРТ-КҮЛ АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>ТОРТ-КУЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

# Төрт-Күл айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын VII-чакырылышынын XI сессиясынын № 2 токтому
## 22-февраль 2023-жыл

**Төрт-Күл айыл аймагынын 2023-жылга киреше жана чыгаша бөлүмүнүн жана 2023-2025-жылдарга бюджеттин долбоорун бекитүү жөнүндө**

Төрт-Күл айыл аймагынын 2023-жылга каралган бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүмүн бекитүү боюнча, Төрт-Күл айыл аймагынын ФЭБ бөлүмүнүн башчысы А.Дүйшембиеванын билдирүүсүн угуп жана талкуулап, айылдык Кеңештин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Төрт-Күл айыл аймагынын бюджетинин кирешелер (№1 тиркеме) жана чыгашалар (№2 тиркеме, №3 тиркеме, №4 тиркеме ) бөлүмү боюнча 19 681,8 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

2. 2023-жылдагы Республикалык бюджеттен алынуучу “Теңдештирүүчү гранттын” өлчөмү 12 879,0 мин сом өлчөмүндө каралып жумшалсын, 2024-жылдын болжолдуу 12 879,0 миң сомго, 2025- жылдын болжолдуу 12 879,0 миң сомго каралды.

3. Жергиликтүү кирешелердин өлчөмү 6 292,8 миң сом өлчөмүндө каралып жумшалсын. 2024-жылга болжолдуу 7 826,5 миң сомго, 2025- жылга болжолдуу 8 402,3 миң сомго каралды.

4. “Атайын каражаттан” түшүүчү кирешелердин өлчөмү 510,0 миң сом өлчөмүндө каралып жумшалсын. 2024-жылга болжолдуу 510,0 миң сомго, 2025- жылга болжолдуу 510,0 миң сомго каралсын.

5. 2022-жылдын 1-январга калган 3 528,9 сом калдык акча каражаты № 5 тиркемеге ылайык бекитилсин.

6. Атайын счеттогу жалпы суммасы 159 909,74 сом калдык акча каражаты №6 тиркемеге ылайык жумшалсын.

7. Жергиликтүү бюджеттин кассалык жүгүртүү өлчөмү 2023-жылдын 1-январына карата 50,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

8. Бул токтомдун аткарылышын айыл аймагынын ФЭБ башчысы А.Дүйшембиевага тапшырылсын.

9. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Төрт-Күл айыл аймагынын башчысы Ж.Зарнаевге милдеттендирилсин.

| | |
|---|---|
| **Айылдык Кеңештин төрагасы** | **М.Жунушалиев** |
| **Катчысы** | **Г.Садырова** |